## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын апрель айы)*

Апрель айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Рынок катышуучулары өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 16,7 пайызга төмөндөө менен 100,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздарды сатып алышкан. Сатуу көлөмүнүн мындай төмөндөшү коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн азайышынан улам жүргөн (бир коммерциялык банк кыйла жигердүүлүктү көрсөткөн), 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышып келишкен институционалдык инвесторлордун кызыгуусу бир аз гана болуп, анын төмөндөгөндүгү катталган.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 9,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 99,9 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 15,3 пайызды түзүү менен өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу (+0,3 пайыздык пунктка) көбөйгөн. МКО боюнча кирешелүүлүк деңгээли салыштырмалуу жогору болгондугуна карабастан, көпчүлүк банктар тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздардын ушул түрүнө кызыгуусу, алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ болгондугуна байланыштуу, салыштырмалуу анча жогору эмес деңгээлде калган.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Апрель айында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү ай ичинде 0,3 пайызга жогорулоо менен 5,1 млрд. сомго жеткен. Мында, институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 0,1 пайыздык пунктка (45,2 пайызга чейин) төмөндөгөндүгү байкалган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 0,1 пайызга жогорулап, 54,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Резидент-юридикалык жактардын үлүшү мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлинде сакталып турган.

Ай акырына МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,44 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүшкө ээ эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Аталган индекс банктардын портфелинде МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – 3 катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Апрель'2012 | 3,145,470.0 | 0.0 | 0.0% | 2,011,168.9 | 63.9% | 1,131,153.9 | 36.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Май | 3,234,570.0 | 0.0 | 0.0% | 2,099,268.9 | 64.9% | 1,131,153.9 | 35.0% | 4,105.2 | 0.1% |
| Июнь | 3,229,690.0 | 0.0 | 0.0% | 1,994,368.9 | 61.8% | 1,231,173.9 | 38.1% | 4,105.2 | 0.1% |
| Июль | 3,449,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,164,368.9 | 62.7% | 1,281,183.9 | 37.1% | 4,105.2 | 0.1% |
| Август | 3,936,450.0 | 0.0 | 0.0% | 2,563,273.2 | 65.1% | 1,369,974.6 | 34.8% | 3,160.2 | 0.1% |
| Сентябрь | 4,092,450.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,373.2 | 59.7% | 1,647,874.6 | 40.3% | 3,160.2 | 0.1% |
| Октябрь | 4,362,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,473.2 | 56.0% | 1,917,874.6 | 44.0% | 3,160.2 | 0.1% |
| Ноябрь | 4,561,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,476,473.2 | 54.3% | 2,081,874.6 | 45.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Декабрь | 4,750,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,486,473.2 | 52.3% | 2,260,874.6 | 47.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Январь'2013 | 4,841,300.0 | 0.0 | 0.0% | 2,536,223.2 | 52.4% | 2,301,874.6 | 47.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Февраль | 4,955,200.0 | 0.0 | 0.0% | 2,650,123.2 | 53.5% | 2,301,874.6 | 46.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Март | 5,075,200.0 | 0.0 | 0.0% | 2,770,123.2 | 54.6% | 2,301,874.6 | 45.4% | 3,160.2 | 0.1% |
| Апрель | 5,089,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,784,623.2 | 54.7% | 2,301,874.6 | 45.2% | 3,160.2 | 0.1% |